## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2017-жылдын октябрь айы)*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан (мындан ары – Улуттук банк) өтүп жаткан жылдын октябрь айында биринчилик рыногунда мамлекеттик казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча 2 аукцион өткөрүлгөн, ал Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган. Аталган баалуу кагаздарга карата суроо-талаптын сунуштан артышын эске алганда, 150,0 млн сом суммасында кошумча жайгаштыруу жүргүзүлгөн.

Аукциондордо мамлекеттик казына облигацияларынын (мындан ары - МКО) жарыяланган эмиссия көлөмү 350,0 млн сомду түзгөн, бул өткөн айга караганда 38,6 пайызга аз. Мында 982,0 млн сомду түзүү менен өткөн айга салыштырмалуу МКОго карата суроо-талаптын 8,1 пайызга бир аз өсүшү байкалган. Өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгында катышуучулар тарабынан 150,0 млн сом суммасында 2 жылдык МКО жана 350,0 млн сом суммасында (кошумча жайгаштырууну эске алганда) 3 жылдык МКО сатып алынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү жогорку кирешелүү 5 жылдык МКОнун жоктугунан жана 2 жылдык МКО боюнча кирешелүүлүктүн 2,7 п.п. төмөндөшүнөн улам, 10,4 пайызды түзгөн.

Отчеттук айдын жыйынтыгында жүгүртүүдө МКО көлөмү жыл башынан тартып 20,0 млрд сомду түзүү менен 46,0 пайызга көбөйгөн. Мында, МКО ээлеринин түзүмүндө институционалдык инвесторлордун үлүшү 60,1 пайызга чейин (-2,9 п.п.) төмөндөшү байкалган, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 39,1 пайызга чейин (+2,7 п.п.) жогорулаган жана юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,8 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Ошентип, өтүп жаткан айдын жыйынтыгында МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси 0,35 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто үч негизги инвестордун катышкандыгына дал келген.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.11.2016 | 11 646 061,3 | 4 537 941,4 | 39,0 | 7 062 456,9 | 60,6 | 45 613,0 | 0,4 | 50,0 | 0,0 |
| 01.12.2016 | 12 417 661,3 | 4 747 209,6 | 38,2 | 7 584 588,7 | 61,1 | 85 813,0 | 0,7 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.08.2017 | 18 731 111,3 | 7 140 239,8 | 38,1 | 11 465 900,5 | 61,2 | 124 971,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.09.2017 | 19 307 011,3 | 7 444 739,8 | 38,6 | 11 721 900,5 | 60,7 | 140 371,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.10.2017 | 19 706 511,3 | 7 783 243,8 | 39,5 | 11 772 310,9 | 59,7 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.11.2017 | 20 005 021,3 | 7 826 710,3 | 39,1 | 12 027 354,4 | 60,1 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |